**Список литературы**

1. Илебаев Арстанбек Касенович- «Кыргызские игры и развлечения».
2. Людмила Павловна Лопатко - «Обычаи и обряды Кыргызстана».
3. Нуржан Кадыркулова- «Национальные конноспортивные игры кыргызов».
4. М. К. Саралаев, Д. О. Омурзаков, Т. Ж. Калыбаев- «Игры Киргизия».

УДК: 82-131 (575.2)

# КЫРГЫЗ ЭПОСУНДАГЫ ЗООНИМДЕР (<<МАНАС>> ЭПОСУНУН МИСАЛЫНДА)

ээ(б)-1-14 тоб. ст. **Турукменова А.Т.,** доц. **Исмаилов А.У.** И.Раззаков ат. КМТУ, Бишкек, Кыргыз Республикасы

E-mail: turukmenova.aigerim@mail.ru

# ZOONYMS IN KYRGYZ EPOS (EXAMPLES FROM «MANAS» EPOS)

**Turukmenova A.T., Ismailov A.U.** KSTU. I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republik

E-mail: turukmenova.aigerim@mail.ru

Кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде жана чыгармаларында (“Манас” эпосу) маанилүү роль ойногон тулпарлардын образы каралган.

In everyday life and even in the literature and folklore (epos «»Manas) of Kyrgyz nation, a great and relevant parts was played by Figures of Stallion.

**Киришүү.** “Манас” эпосу бул – дүйнөлүк оозеки чыгармачылыктын эң сонун үлгүсү. Ошондуктан, кайсы эл болбосун өзүнүн көркөм оозеки маданияты менен сыймыктанууга толук акылуу. Бул ченемден алганда кыргыз элинин талант шыбагасынан жаралган улуу «Манас» эпосу кайталангыс керемет.

**Иштин максаты.** Арийне, азыркы кыргыз жаштар, жада калса орто жаштагылар да ата-бабабыздан калган улуу мурастын баркын билбеген сыяктуу сезилет. Бул теманы тандап алган соң, көчөгө чыгып, өтүп бара жаткан 40-45 жаштар чамасындагы байкеден сынап: «-Кечиресиз, «Манас» эпосундагы Толтойдун тулпарынын аты кандай эле?» - деп сурасам, ал «-Билбейм, карындаш, бала кезде окугам, унутуп коюпмун», - деп жооп берди.

Албетте, ал бул эпосту эч качан окуган эмес. Окурман мындай таасирдүү эпизодду эч качан унутпайт. Так ушул Суркоён үчүн Канчоро Семетейге таарынып, ага «касын тигет» эмеспи. Ошондуктан, бул иштин максаты – азыркы жаштарга кыргыз элинин улуу мурасы болгон “Манас” эпосун таанытуу жана даңазалоо болуп саналат.

Иштин жаңычылдыгы: Көп адамдар: «Мен көп китеп окудум», - деп мактанышат. Саната келсен, алардын окугандары батыштын жеңил-желпи, окуялары кайталана берген романдары. Менин оюмча ар бир инсан эң биринчи кезекте өз элинен чыккан акын-жазуучулардын эмгегине көңүл буруусу керек. «Манастын» үчилтигин, Чыңгыз Айтматовдун керемет повесть-романдарын, Токтоболот Абдымомуновдун драмаларын, Алыкул Осмоновдун ырларын окуган адам дүйнөгө эмнеге келгенин билип, Ата-Мекендин алдындагы милдетин сезип, бир аз болсо да ааламга болгон көз карашы өзгөрөт. Иштин жаңычылдыгы - “Манас” эпосундагы зоонимдерге, алардын ичинен жылкы жаныбарынын кыргыз элинин жашоосундагы ролун, маанисин ачып берүүдөн көрүнөт.

**Көчмөн кыргыз элиндеги жылкынын ролу**. Көчмөнчүлүк менен тиричилик кылган, бир жерге байыр албай, көчүп-конуп жүргөн жалпы эле түрк-монгол, саян-алтай тоолук элдеринин жашоо турмушунда жылкы өтө маанилүү роль ойногондугу башынан белгилүү.

Өмүрүнүн теңинен көбүн «көчмөн» ат үстүндө өткөрөт. Жакшы, асыл тукум жылкыны өстүрөт, таптайт, анан ат чабышка салат же сейилге минет, ачкачылык болсо бээлеринен соот, суусаса сүтүн кымыз кылып ичет.

Кыргыз эли жылкы баласын аздектеп таптап, асырап бага билишкен.

Жылкылардын ичинде эң мыкты деген күлүк тулпарлары, буудандары, аргымактары жана дулдулдары болгон. Андай тулпарлар өз ээсине гана эмес жалпы кыргыз элине байлык жана атак-даңк алып келишкен.

Өзгөчө чоң аш-тойлордогу ат чабыш, эр-сайыш, көк бөрү сыяктуу оюн - зоок тамашалары болгон жерлерде күлүк ат бүтүндөй уруунун намысын алып берип, сыймыгын арттырган.

«Манас» эпосундагы тулпарлар жөнүндө сөз кылуунун эң биринчи себеби − кыргыз элинин жашоосу жылкы жаныбары менен тыгыз байланыштуу болгондугунда жана алардын көркөм сүрөттөлүшүн «Манас» эпосунун поэтика проблемасынан бөлүп кароого мүмкүн болбогон тема экендигинде болуп саналат.

**«Манас» эпосундагы тулпарлардын образы**

**Аккуланан образы** − Манастын өзү менен бирдей деңгээлде чагылдырылган. Ал жалпы эле монгол-түрк элдеринин эпикалык чыгармаларында кездешкендей эле Алпамыштын Байбичар, Кероглынын Гират, Кобландынын Тайбурылы өңдүү легендарлуу тулпарлардын бири.

Эпосто Аккуласыз Манасты элестетүү кыйын.

“Кайыптан бүткөн жаныбар,
Маңдайында багы бар,
Кулагында шамы бар,
Соорусунда беш салаа
Камбар Ата таңы бар”.

Шыпшайдар жашынып туруп, Аккуланын ооз омурткасын кыйрата атканда да, ал Манастын ийинине ээгин артып тура калып, күрс кулайт. Манас ошол жерден ыйлап жиберет. Атынан ажырап жөө калат Манас. Ооруктагы тулпарлар толуп жаткан, а бирок Аккуладай болобу? «Падышанын канаты кыйылганы − бийлигинин бүткөнү» эмеспи.

**Мааникердин образы**. Көкөтөй хандын Мааникер тулпары Аккула менен Тайторудан, Сарала менен Көк аладан, Алгара менен Ачбуудандан артык болбосо, кем тулпар эмес. Мааникердин образынан анын күлүктүгүн эле белгилебестен, аны Ата-Журт үчүн намыска жаралган тулпар десем аша чаппасмын.

Мааникердин Коңурбай, Жолойлордун зордук кылып талашуусу − Көкөтөйдүн ашындагы чырдын башталышы экендиги баарыбызга белгилүү. Бирок, Мааникер − көз артып, талашпай турган жылкыбы?!

“Сексен күкү чуркаса,
Серпиндиси, даңканы.
Сегиз таш жерге бураса,
Күчөй турган мал эле.
Алтымыш күндүк дайраны,
Аттап өтөр жан эле”.

Албетте, бул жомоктук сүрөттөөлөр менен айтылган ыр саптар, бирок эпостогу ысыкка да, суукка да, төө сыяктуу чөлгө да чыдамдуу, мейкиндикте абаны жиреп кетип бараткандай күлүк, соолубас булак сыяктуу атак-даңк, байлык алып келген тулпарлардын тизмесинин алдынкы катарында Мааникер турат.

**Тайторунун образы**. Бул образда чыгаан күлүк тулпардын гана көркөм элеси эмес, бул эпизоддон Ата-Журт темасы, эпостук циклдин уланышы, Семетейдин жетилиши, эненин трагедиялуу тагдыры − Каныкейдин жан дүйнөсүндөгү кайгылуу арманы, мүдөөсү орундала турганы бекер айтылбаган чыгар.

**Алгара менен Ачбуудандын образдары**. Эпосто Кула бээ аттуу табышмактуу жылкы тууралуу айтылат. Ал жоголуп кетип, кайыптан токтоп келип, кулун тууп жүргөн болот. Бирок ал үчтү эле туумак. Биринчи кулуну Алгара, кийинки кулуну Ачбуудан тоодой болгон Жолойду алып учуп жүрөт, ал эми үчүнчүсү Аккула − үчөөнүн чыгааны болот.

Алгара ак көбүк бүркүп, суулугун кычырата чайнап, Коңурбайдын астында куштай учуп, жоолашта өскөн жаныбар болот.

Алгара да, Ачбуудан да, ар дайым табында болуп, ат оюндарында байгелүү орундарды алып жүргөндөрү баяндалат.

“Ачбуудан келет аркырап,
Оозунан карандай,
Кандын жыты буркурап.
Туяктын тийген таштары,
Асмандап учуп зыркырап”.

**Карткүрөндүн образы**. Жетимиштен ашык тил билген, дипломат Ажыбайдын тулпары Карткүрөң эпосто чоң роль ойноп, кеңири сүрөттөлөт. Чоң казатта душмандын жылкысына тийип аларда, так ушул тулпар үйүр башы болуп, жылкынын баарын ээрчитип кетет.

**Тайбуурулдун образы**. Кыз Сайкал Манаска: «Балаңа энчиледим, эркек балалуу болсоң, минсин», деп Тайбуурулду «абайлап жабуу жаптырып, башына үкү тактырып, бирөөнүн көзү тиет деп, жан көрбөс жерге бактырып, өз колу менен жеткирет».

Кубанычын да, кайгысын да Семетей менен тең бөлүшүп, чапканда күлүк, согушта качса джеткирбес ат, өз жеринде сейил ат болгон Тайбуурулдан Семетей тирүүлөй айрылат: Үмөтөй атасы Көкчөнүн кунун алганы келип, бөөдө өлөт, ошондо анын кунуна Бакайдын:

«Канатыңдан кайрылба,
Тайбуурулдан айрылба».

деген сөзүнө карабай, миң кашка бээ, миң кара төө, нарга жүктөп алтын-күмүш зер, эсепсиз мал менен Тайбуурулду тартат. Күйүткө алдырган Үмөтөйдүн энеси жылкынын кулагына эриген коргошун куйдуруп, ар бутунун муунуна үчтөн ийне кактырып, караңгы жерге бактырат. Ушундан улам, эл арасына «Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени – Семетейдин ажалынын жеткени», деген сөз жайылат.

**Корутунду.** Эпосто баяндалган тулпардын баарын сүрөттөп отурсак, кагаздын бети да, калемдин сыясы да түтпөс. «Манас» эпосун ар башка варианттар боюнча алганыбызда ар башка тулпардын ысымы аталышы мүмкүн. Мисалы Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча 129 тулпардын ысымы берилет. Алардын ичинен 20 тулпар башка варианттарда да кездешкен тулпарлар.

Манасчылар бир эле учурда тулпардын тукумунун таза кандуулугу, күлүктүгү, зордугу өңдүү көрүнүшүн калбыр, өпкө, жез, капкан, үкү, аяк деген сыяктуу күнүмдүк тиричиликте колдонулган заттардын аталыштары аркылуу туюндурат.

Жогоруда айтылгандай, эпосто тулпарлар кеңири баяндалат жана ар бир негизги каармандын тулпары жөнүндө сөз козголот. Көп каармандардын бир нече тулпары болгон. Мисалы: Манастыкы – Аккула, Айбанбоз, Кыз Сайкалдыкы – Аксаргыл, Кер көкүл, Сары Буурул, Алмамбеттики – Кылжейрен, Сарала жана башкалар.

Тулпарлардын саны, терс же оң каармандыкыбы, сырткы келбети ар түрдүү болсо да, баарын бириктирген негизги окшоштук – тулпар бир гана жоокер атынын милдетин өтөбөстөн, ал баатырдын эмчектеш бир тууганындай, канатындай, ыйык колдоочусундай милдет аткарат. Эпосто баатыр менен тулпардын образы бирдей даражада сүрөттөлүүсү менен ар дайым бирин-бири толуктап, бири-бирине шайкеш келген «кош бирдиктүү» образда берилгенин көрөбүз.

**Колдонулган адабияттар**


1. А.Жакыпбек «Теңири Манас», Бишкек-1995.
2. С.Мусаев «Семетей, Сейтек», Бишкек-1995.
3. Ж.Орозбекова ««Манас» эпосундагы тулпарлар».


УДК.:57.089.2

## БИОМЕДИЦИНСКАЯ ИНЖЕНЕРИЯ

**Эрнисов С.Э.** КГТУ им.И.Раззакова, Бишкек, Кыргызская Республика
E-mail: ernisov@gmail.com
Исаева Э.М. преподаватель кафедры «Иностранный Язык»

## BIOMEDICAL ENGINEERING

**Ernisov S.E.** KSTU named after I.Razzakov, Bishkek, Kyrgyz Republic
E-mail: ernisov@gmail.com
Isaeva E.M. English teacher

In this work I want to introduce you relatively young yet worthy field of study. Biomedical Engineering is already around us and became a significant part of modern medicine and pop-science. Promising biotechnologies, sophisticated implants and prosthesis, devices that allow us to see not only inside the body, but also see it from different perspectives such as Positron emission technology (PET) shows us chemical processes occurring in our tissues. Technology broadens human abilities and broadens medicine's potential when applied to it.

Examples of Biomedical Engineering (BME) are all around us and there is really small amount of people who are not familiar with X-ray, highs and lows on ECG (electrocardiograph), contact lenses and dentist's room. BME is not